Корутундулап айтканда, көркөм стилдеги текст дүйнөнү көркөм кабылдоонун жана образдардын негизинде ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасы болуп эсептелет. Башка функционалдык стилдеги тексттер негизинен коомдогу байланыш-катыштын куралы катары кызмат аткарса, көркөм стилдеги тексттер коммуникативдик милдет менен катар эстетикалык функцияны да аткарат. Ушул себептен улам көркөм текстти эстетикалык баалуулукка ээ болгон көркөм өнөрдүн бир түрү катары кароого болот.

Чыныгы көркөм тексттерде бир эле учурда көп багыттуу, көп пландуу максаттар камтылат. Өзүнүн көркөмдүгү, образдуулугу, ыргактуулугу жана таасирдүүлүгү менен мындай тексттер адамдын сезимине да, акыл-туюмуна да терең таасир тийгизип, аны толкундантат, кубанычка же кайгыга бөлөйт, ар кандай ой-толгоолорго жетелеп, түрдүү сезимдерди ойготот. Натыйжада, көркөм текст адамдын ички дүйнөсүн тазалап, рухун көтөрүп, эмоционалдык дүйнөсүн байытуу менен анын акыл-эсин, дүйнө таанымын кеңейтет жана көркөм-эстетикалык табитин өнүктүрөт.

Мындан тышкары, көркөм текст адамды маданияттуулукка, ыймандуулукка, гумандуулукка, адамгерчиликке, боорукерликке жана кайрымдуулукка тарбиялайт. Ал адамдын сулуулукту жана аруулукту аңдап-билүүсүнө шарт түзөт. Ушундай өзгөчө маалымат берүү ыкмасы көркөм тексттин өз алдынча уюшулушун жана бир бүтүн мүнөзүн шарттайт. Демек, инсанды асыл сапаттарга бай кылып тарбиялоодо, калыптандырууда жана руханий жактан өнүктүрүүдө көркөм стилдеги тексттердин орду жана мааниси абдан зор экендигин баса белгилөөгө болот.

Колдонулган адабияттар

1. Мусаев, С. Ж. Текст: прагматика, структура. – Бишкек, 2000. – 268 б.
2. Өмүралиева, С. Тексттин лингвистикалык теориясы. – Бишкек, 2005. – 155 б.
3. Усубалиев, Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек : Учкун, 1993. – 210 б.
4. Маразыков, Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. – Бишкек : ЖИ «Сарыбаев Т. Т.», 2020. – 290 б.
5. Гальперин, И. Р. Очерки по стилистике английского языка. – М. : Изд-во литературы на иностранных языках, 1958. – 462 с.
6. Муканов, Т. Каректеги жер : ырлар. – Фрунзе : Кыргызстан, 1976. – 52 б.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Маразыков Т.С.

УДК 371.38
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-53-61

Айбашова Т.М.
Ош мамлекеттик университети
Айбашова Т.М.
Ошский государственный университет
Aibashova T.M.
Osh State University

ИЛИМИЙ МАКАЛА ДАЯРДООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПОДГОТОВКИ НАУЧНОЙ СТАТЬИ
SOME ISSUES IN PREPARING A SCIENTIFIC ARTICLE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада илимий стилдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, колдонуу чөйрөсү, грамматикалык жана лексикалык тил каражаттары, ошондой эле илимий макала даярдоонун негизги талаптары каралат. Студенттердин илимий макала жазуу процессинде кездешкен негизги көйгөйлөрү, атап айтканда, макаланын түзүлүшүн сактоо, изилдөө темасын жана көйгөйүн аныктоо, илимий

адабияттар менен иштөө, изилдөө методдорун тандоо, академиялык стилде жазуу, цитаталоо жана шилтеме берүү боюнча кыйынчылыктары талдоого алынат. Изилдөөнүн алкагында 16 студенттин илимий иштерине талдоо жүргүзүлүп, алардын илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн аныктоо максатында сурамжылоо өткөрүлгөн. Алынган натыйжалардын негизинде студенттердин илимий макала жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган усулдук сунуштар берилет.

Аннотация: В статье рассматриваются характерные особенности научного стиля, сфера его применения, грамматические и лексические языковые средства, а также основные требования к подготовке научной статьи. Анализируются основные трудности, возникающие у студентов в процессе написания научной статьи, в частности соблюдение её структуры, определение темы и проблемы исследования, работа с научной литературой, выбор методов исследования, написание текста в академическом стиле, цитирование и оформление ссылок. В рамках исследования проведён анализ научных работ 16 студентов, а также анкетирование с целью определения уровня их научно-исследовательской компетентности. На основе полученных результатов представлены методические рекомендации, направленные на развитие у студентов навыков написания научных статей.

Abstract: The article examines the characteristic features of scientific style, its sphere of application, grammatical and lexical language means, as well as the main requirements for preparing a scientific article. It analyzes the main difficulties students encounter in the process of writing a scientific article, particularly in following its structure, identifying the research topic and problem, working with scientific literature, selecting research methods, writing in an academic style, citing sources, and providing references. As part of the study, the scientific works of 16 students were analyzed, and a survey was conducted to assess their research competence. Based on the results obtained, methodological recommendations aimed at developing students' scientific article writing skills are provided.

Негизги сөздөр: илимий макала; илимий стиль; академиялык жазуу; изилдөөчүлүк компетенттүүлүк; изилдөө методдору; цитаталоо; академиялык этика.

Ключевые слова: научная статья; научный стиль; академическое письмо; исследовательская компетентность; методы исследования; цитирование; академическая этика.

Keywords: scientific article; scientific style; academic writing; research competence; research methods; citation; academic ethics.

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кеңири колдонулушу анын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүнө шарт түзүүдө. Иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү, жаңы түшүнүктөрдүн жана терминдердин тилдин сөз жасоо моделдерине ылайык калыптанышы кыргыз тилинин лексикалык корунун байышына жана функционалдык сабаттуулуктун өнүгүшүнө өбөлгө болууда.

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери колдонулуу чөйрөсүнө, максат-милдетине жана тилдик каражаттардын тандалышына жараша өзгөчөлөнөт. Ар бир стилдин табиятын түшүнүү үчүн анын кайсы чөйрөдө, кандай максатта колдонуларын жана ага мүнөздүү тилдик каражаттарды билүү зарыл [2]. Функционалдык стилдерди өздөштүрүү кеп маданиятын калыптандырууга, ойду оозеки жана жазуу түрүндө так, түшүнүктүү жана тилдик нормаларга ылайык берүүгө өбөлгө түзөт [3]. Илимий макала жазууда бул талаптар өзгөчө мааниге ээ, анткени илимий текст тактыкты, логикалык ырааттуулукту, далилдүүлүктү жана тилдик каражаттарды максатка ылайык колдонууну талап кылат.

Ойду башка бирөөгө жазуу түрүндө жеткирүү зарылчылыгынан жазма стиль пайда болгон [5, 33-б.]. Жазма стиль көпкө сакталат, бирок ойду жазуу түрүндө так жана жеткиликтүү берүү автордон өзгөчө даярдыкты талап кылат. Автордун ою ачык, так, түшүнүктүү болушу үчүн сөздөрдү жана синтаксистик түзүлүштөрдү кылдат тандап, ойду логикалык ырааттуулукта баяндоо зарыл. Мындай көндүмдү калыптандыруу оңой эмес экенин учурдагы тажрыйба көрсөтүүдө.

Жаш муундардын кебин туура калыптандыруу, так сүйлөөгө жана оюн жазуу түрүндө түшүнүктүү берүүгө үйрөтүү маанилүү. Жазма текстте ой туура баяндалганбы, сүйлөмдөр

грамматикалык жактан туура түзүлгөнбү, стилдик каталар же орунсуз колдонулган сөздөр тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук жаратабы — ушул жагдайларга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Тексттеги ой өз ара байланышкан, туура түзүлгөн сүйлөмдөр аркылуу берилгенде анын мазмуну да түшүнүктүү болот. Ошондуктан жазма кепти өнүктүрүүдө грамматикалык сабаттуулукту арттыруу, сөздөрдү орундуу колдонуу, ойду так жана системалуу баяндоо көндүмдөрүн калыптандыруу маанилүү. Бул көндүмдөр илимий макала жазуунун да негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери коомдук кызматына жараша сүйлөшүү жана китеп стилдери деп шарттуу түрдө экиге бөлүнөт. Китеп стилдеринин ичинен илимий жана иш кагаздар стили негизинен жазуу формасында ишке ашса, көркөм жана публицистикалык стилдер шартка жараша оозеки да, жазуу түрүндө да колдонулат. Функционалдык стилдердин жалпылыгы – алардын пикир алышуу процессинде белгилүү бир максатта колдонулушу. Адабий тилдин функционалдык стилдери кыргыз тилинин тилдик бирдиктеринен түзүлөт, бирок алар коомдо аткарган кызматы, тилдик жана экстратилдик каражаттардын колдонулушу боюнча айырмаланат [1].

Сүйлөшүү стилинин артыкчылыгы – ойду тез, образдуу жана жеткиликтүү берүүдө, экстралингвистикалык каражаттарды эркин колдонууда. Ал эми иш кагаздар жана илимий стилдеги тексттерге ойду логикалык ырааттуулукта, түшүнүктүү, кыска жана так берүү талаптары коюлат. Публицистикалык стилде болсо маалымат берүү менен катар окурманга же угуучуга таасир этүү максатында образдуу, эмоционалдык-экспрессивдүү тил каражаттары да колдонулат.

Кепте формалык жана мазмундук мүнөздөгү каталар кездешет. Формалык каталарга орфографиялык, орфоэпиялык жана пунктуациялык каталар кирсе, тексттин мазмунуна жана баяндоо өзгөчөлүгүнө байланышкан каталар стилдик жана стилистикалык мүнөздө болушу мүмкүн. Стилдик жана стилистикалык каталар тилдик бирдиктерди конкреттүү функционалдык стилдин талаптарына ылайык тандап колдонуу менен тыгыз байланышта. Ошондуктан ар бир функционалдык стилде тилдик каражаттарды анын максатына жана колдонулуу чөйрөсүнө жараша ылгап пайдалануу зарыл [3].

Тилдик бирдиктер кепте реалдашып, пикир алышуунун, маалымат берүүнүн жана ойду туюнтуунун каражатына айланат. Мында тилдин коомдук кызматы алдыңкы орунга чыгат. Демек, стилистика лингвистикалык илим катары тилдик каражаттардын кепте колдонулуш өзгөчөлүктөрүн изилдейт. Тил менен кептин өз ара байланышы анын коомдук-коммуникативдик кызматын айкындайт.

Тилдик коммуникацияны окутууда функционалдык стилдер маанилүү орунду ээлейт, анткени алар тилдик-коммуникациялык көндүмдөрдү жана кеп маданиятын өнүктүрүүгө жардам берет. Биринчиден, инсан оозеки жана жазуу ишмердүүлүгү аркылуу функционалдык стилдердин айырмачылыктарын өздөштүрүп, ар кандай коммуникативдик кырдаалдарга ылайык тилдик каражаттарды туура колдонууга үйрөнөт жана анын коммуникативдик компетенттүүлүгү калыптанат. Экинчиден, функционалдык стилдерди өздөштүрүү тилдин формалдуулук, сылыктык, социалдык ролдор жана жүрүм-турум нормалары сыяктуу социалдык-маданий өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө, ар кандай коммуникативдик жагдайларга ылайыкташууга өбөлгө түзөт.

Функционалдык стилдердин ичинен илимий стиль илимий жана техникалык маалыматтарды, байкоолорду, изилдөөлөрдү жана алардын натыйжаларын так, системалуу жана логикалык ырааттуулукта баяндоого багытталат. Бул стиль билим берүү жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө маанилүү орунду ээлейт. Илимий стилдин негизги максаты – жаңы маалыматтарды, илимий фактыларды жана изилдөөнүн натыйжаларын аргументтер жана далилдер менен негиздеп, так, түшүнүктүү жана ынанымдуу формада жеткирүү. Ошондуктан илимий стиль билимди системалаштыруунун жана илимий маалыматты жеткирүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп саналат.

Алгачкы илимий чыгармалар байыркы Грецияда жана Римде пайда болуп, орто кылымдарда латын тили илимий тил катары кеңири колдонулган. Кийин илимдин өнүгүшү менен ар бир эл өз тилинде илимий эмгектерди жазууга өткөн. Кыргыз тилиндеги илимий стиль XX кылымдын башынан тарта калыптанып, өнүгө баштаган.

Илимий стилдин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири, биринчиден, **тактык** болуп саналат. Илимдин кайсы тармагы болбосун, изилдөөнүн натыйжалары фактылар менен тастыкталып, логикалык жактан талданып, зарыл учурда аныктамалар, сандык көрсөткүчтөр, схемалар жана формулалар аркылуу берилет. Экинчиден, илимий стилде сөздөр көбүнчө тике маанисинде колдонулуп, терминдерге, кесиптик сөздөргө жана «деп аталат», «болуп саналат», «эсептелет», «аныкталган» сыяктуу илимий баяндоого мүнөздүү тилдик каражаттарга кеңири орун берилет. Үчүнчүдөн, илимий текстте изилдөөнүн мүнөзүнө жараша предметтер аралык байланыштар да орун алышы мүмкүн. Төртүнчүдөн, илимий стилде тактык жана объективдүүлүк негизги орунда тургандыктан, көркөм-образдуу жана эмоционалдык-экспрессивдүү тил каражаттары чектелүү колдонулат. Бешинчиден, сүйлөмдөр грамматикалык жактан так түзүлүп, ой логикалык ырааттуулукта, далилдүү жана түшүнүктүү баяндалып, жыйынтык негиздүү берилет. Алтынчыдан, изилденип жаткан объектинин түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү жана ар кандай шарттардагы абалы тиешелүү изилдөө методдору аркылуу талданып, алынган маалыматтар жалпыланат жана жыйынтык чыгарылат.

Демек, илимий стилдин колдонулуу чөйрөсү кең, темасы жана мазмуну олуттуу мүнөзгө ээ. Анын негизги өзгөчөлүгү – маалыматтуулук, логикалык ой жүгүртүү, пикирди далилдер, фактылар, аргументтер, зарыл учурда формулалар жана аныктамалар аркылуу негиздөө. Илимий стилде сөздөр көбүнчө тике маанисинде колдонулуп, тактыкка, логикалуулукка жана объективдүүлүккө басым жасалат. Образдуу, эмоционалдык-экспрессивдүү тил каражаттары чектелүү колдонулат. Илимий стилдин негизги кызматы – илимий маалыматты жеткирүү, түшүндүрүү жана анын негиздүүлүгүн далилдөө. Ал билим берүүдө, илимий-изилдөө иштеринде жана илимдин түрдүү тармактарында колдонулат. Илимий стилдеги тексттерди окумуштуулар, изилдөөчүлөр, адистер, окутуучулар жана студенттер даярдай алышат.

Илимий стилдин морфологиялык өзгөчөлүктөрүнө зат атоочтордун, анын ичинде терминдик маанидеги аталыштардын кеңири колдонулушу; этиштердин 3-жак формаларынын (аткарат, аныктайт, көрсөтөт, чечет) активдүү пайдаланылышы; кыймыл атооч, атоочтук жана чакчыл формаларынын жыш кездешиши; сын атоочтордун жана баяндоонун логикалык ырааттуулугун көрсөткөн тилдик каражаттардын колдонулушу кирет. Ошондой эле «биринчиден», «экинчиден», «жыйынтыгында», «алынган маалыматтарга караганда» сыяктуу сөздөр жана сөз айкаштары ойдун логикалык байланышын камсыз кылууга кызмат кылат. Илимий стиль тактыгы, илимийлүүлүгү, далилдүүлүгү, логикалуулугу жана тыянактуулугу менен башка функционалдык стилдерден айырмаланат.

Илимий стиль илимдин ар кандай тармактарындагы эмгектерде (реферат, баяндама, макала, диссертация, монография), окуу жана окуу-методикалык материалдарда (окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор), илимий жана илимий-практикалык конференциялардын материалдарында, изилдөө отчетторунда, энциклопедияларда жана башка илимий маалымат булактарында колдонулат.

Илимий стилдин синтаксистик өзгөчөлүктөрүнүн бири – сүйлөмдөрдүн грамматикалык жактан толук түзүлүп, өз ара логикалык байланышта берилиши. Бул ойдун так жана түшүнүктүү жеткирилишине өбөлгө түзөт. Мисалы: «Суу — суутек менен кычкылтектин туруктуу химиялык бирикмеси (H_2O). Кадимки шарттарда ал жыты, даамы жана түсү жок суюктук. Сууда көпчүлүк заттар жакшы эригендиктен, табиятта химиялык жактан таза суу сейрек кездешет». Бул мисалда маалымат так, ырааттуу жана өз ара байланышкан сүйлөмдөр аркылуу берилген. Илимий макалада да маалыматты так, логикалык ырааттуулукта жана далилдүү баяндоо талап кылынат.

Илимий макала даярдоо изденүүчүдөн теориялык билимди, изилдөөчүлүк көндүмдөрдү жана системалуу иштөөнү талап кылат. Макала — белгилүү бир тема боюнча автордун илимий ой-пикирин, изилдөөсүнүн жүрүшүн жана натыйжаларын далилдер менен фактылардын негизинде баяндаган жазма эмгек. Аны жазууда системалуулук, тактык жана логикалык ырааттуулук негизги талаптардын бири болуп саналат.

Макала жазууга киришкен автор, биринчиден, коомдук, илимий же практикалык мааниге ээ болгон актуалдуу теманы тандайт. Экинчиден, ошол маселеге тиешелүү маалыматтарды топтоо жана

талдоо үчүн ишенимдүү булактарды — илимий эмгектерди, макалаларды жана расмий маалымат булактарын пайдаланат. Үчүнчүдөн, алынган маалыматтардын негизинде макаланын түзүмүн пландап, изилдөөнүн максатын, милдеттерин жана колдонулуучу методдорун аныктайт.

Азыркы учурда жогорку билим берүү системасында студенттердин илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүү маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Илимий макала жазуу студенттердин өз алдынча изденүүсүн, маалыматты талдоо жана системалаштыруу жөндөмүн, илимий ой жүгүртүүсүн жана өз оюн академиялык талаптарга ылайык так баяндоо көндүмдөрүн калыптандырат. Ошол эле учурда студенттер илимий макаланын түзүлүшүн сактоодо, изилдөө методдорун туура тандоодо, илимий булактар менен иштөөдө, цитаталоодо, шилтеме берүүдө жана өз алдынча илимий тыянак чыгарууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Ушуга байланыштуу студенттерди илимий макала жазууга үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун аныктоо жана алардын изилдөөчүлүк жөндөмдөрүн өркүндөтүү актуалдуу болуп саналат.

Студенттерде кездешкен негизги көйгөйлөр. Студенттердин илимий макала жазуу процессинде кездешкен негизги көйгөйлөр катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

– илимий макаланын түзүлүшү жана негизги талаптары жөнүндө түшүнүктүн жетишсиздиги;

– изилдөө темасын туура тандоодо жана көйгөйдү так аныктоодо кыйынчылыктардын болушу;

– илимий адабияттарды издөө, тандоо жана сынчыл талдоо көндүмдөрүнүн жетишсиздиги;

– изилдөөнүн максатын, милдеттерин жана актуалдуулугун туура аныктоодогу кыйынчылыктар;

– изилдөө методдорун туура тандоо жана аларды практикада колдонуу көндүмдөрүнүн жетишсиздиги;

– академиялык жана илимий стилде жазуу көндүмдөрүнүн жетишсиздиги;

– цитаталоо, шилтеме берүү жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин түзүү эрежелерин сактоодогу мүчүлүштүктөр;

– өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруунун ордуна даяр маалыматтарды көчүрүп алуу;

– плагиат жана академиялык этиканын талаптары боюнча билимдин жетишсиздиги.

Изилдөөнүн максаты. Изилдөөнүн максаты — студенттердин илимий макала жазуу процессинде кездешкен негизги көйгөйлөрдү аныктоо, алардын себептерин талдоо жана илимий макала жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган натыйжалуу усулдук сунуштарды иштеп чыгуу. Студенттерди илимий макала жазууга үйрөтүүдө жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөргө системалуу көңүл буруу жана аларды чечүүнүн жолдорун ырааттуу өздөштүрүү зарыл.

Изилдөөнүн материалдары жана методдору. Студенттердин илимий макала жазуу процессинде кездешкен негизги көйгөйлөрүн аныктоо максатында 16 студенттин жазуу жүзүндөгү илимий иштерине талдоо жүргүзүлдү. Талдоого студенттер тарабынан даярдалган илимий макалалар, изилдөө долбоорлору жана жазуу иштеринин тиешелүү бөлүктөрү алынды. Мындан тышкары, студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө байланыштуу түшүнүктөрүн аныктоо максатында анонимдүү сурамжылоо жүргүзүлдү.

Талдоодо жана сурамжылоодо илимий макаланын түзүлүшүн жана негизги талаптарын билүү, изилдөө темасын жана көйгөйүн аныктоо, илимий адабияттарды издөө жана сынчыл талдоо, изилдөөнүн максатын, милдеттерин жана актуалдуулугун аныктоо, изилдөө методдорун тандоо, академиялык жана илимий стилде жазуу, цитаталоо жана шилтеме берүү, өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу, ошондой эле плагиат жана академиялык этика талаптарын билүү маселелерине көңүл бурулду.

Студенттердин илимий-изилдөөчүлүк көндүмдөрү көрсөтүлгөн критерийлердин негизинде жогорку, орто жана төмөнкү деңгээлдер боюнча бааланды. Алынган маалыматтар сандык жана пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу жалпыланды.

Таблица 1. Студенттердин илимий-изилдөөчүлүк көндүмдөрүн баалоонун жыйынтыктары

№	Баалоо критерийлери	Жогорку деңгээл, студент	%	Орто деңгээл, студент	%	Төмөн деңгээл, студент	%
1.	Илимий макаланын түзүлүшүн жана негизги талаптарын билүү	**3**	18,75	**6**	37,50	**7**	43,75
2.	Изилдөө темасын туура тандоо жана көйгөйдү так аныктоо	**3**	18,75	**5**	31,25	**8**	50,00
3.	Илимий адабияттарды издөө, тандоо жана сынчыл талдоо	**2**	12,50	**6**	37,50	**8**	50,00
4.	Изилдөөнүн максатын, милдеттерин жана актуалдуулугун аныктоо	**4**	25,00	**5**	31,25	**7**	43,75
5.	Изилдөө методдорун туура тандоо жана практикада колдонуу	**3**	18,75	**5**	31,25	**8**	50,00
6.	Академиялык жана илимий стилде жазуу	**3**	18,75	**6**	37,50	**7**	43,75
7.	Цитаталоо, шилтеме берүү жана адабияттардын тизмесин түзүү	**2**	12,50	**5**	31,25	**9**	56,25
8.	Өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу	**2**	12,50	**6**	37,50	**8**	50,00
9.	Плагиат жана академиялык этика талаптарын билүү	**3**	18,75	**5**	31,25	**8**	50,00

Натыйжалар жана талкуу. Изилдөөнүн жыйынтыктары студенттердин илимий макала жазуу боюнча даярдык деңгээли бирдей эмес экенин көрсөттү. Баалоонун жыйынтыгында студенттердин өздөштүрүү деңгээли жогорку, орто жана төмөнкү болуп үч топко бөлүндү. Ар бир критерий боюнча 16 студенттин иши талданып, алынган маалыматтар пайыздык көрсөткүчтөр менен берилди.

Натыйжалар боюнча студенттер үчүн эң көп кыйынчылык жараткан багыт цитаталоо, шилтеме берүү жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин түзүү болду: бул критерий боюнча 9 студенттин (56,25%) деңгээли төмөн деп бааланды. Илимий адабияттарды издөө, тандоо жана сынчыл талдоо, изилдөө методдорун туура тандоо жана практикада колдонуу, ошондой эле өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу боюнча 8 студенттен (50%) төмөн деңгээл көрсөттү.

Изилдөөнүн максатын, милдеттерин жана актуалдуулугун аныктоо боюнча 4 студент (25%) жогорку деңгээлди көрсөттү. Ал эми плагиат жана академиялык этика талаптарын билүү боюнча жогорку деңгээл 3 студентте (18,75%) аныкталды. Бул көрсөткүчтөр студенттердин илимий-изилдөө иштерин аткарууда теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү айкалыштырууда кыйынчылыктарга туш болуп жатканын көрсөтөт.

Алынган натыйжалар студенттерди илимий макала жазууга үйрөтүүдө илимий адабияттар менен иштөө, академиялык цитаталоо жана шилтеме берүү, изилдөө методдорун туура тандоо жана колдонуу, ошондой эле өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүнө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын көрсөттү.

Илимий макала жазууга коюлуучу негизги талаптар. Изилдөөнүн жыйынтыктарын эске алуу менен студенттерге илимий макала жазууну үйрөтүүдө илимий стилдин негизги талаптарын

системалуу өздөштүрүүгө көңүл буруу зарыл. Илимий макала академиялык коммуникациянын негизги формаларынын бири болгондуктан, анда төмөнкү белгилер сакталууга тийиш:

- **объективдүүлүк** – автор жеке эмоцияларга эмес, илимий далилдерге, фактыларга жана изилдөөнүн натыйжаларына таянат;
- **логикалуулук** – ой-пикирлер өз ара ырааттуу жана себеп-натыйжалык байланышта берилет;
- **далилдүүлүк** – айтылган пикирлер илимий булактар, фактылар жана изилдөөнүн натыйжалары менен негизделет;
- **системалуулук** – материал белгиленген түзүмгө ылайык ырааттуу уюштурулат;
- **терминологиялык тактык** – тиешелүү илимий тармактын терминдери жана түшүнүктөрү так жана орундуу колдонулат;
- **академиялык этика** – башка изилдөөчүлөрдүн эмгектерине шилтеме берүү, цитаталоо эрежелерин сактоо жана плагиатка жол бербөө талаптары аткарылат.

Илимий стилдин бул өзгөчөлүктөрүн билүү студентке макаланын мазмунун гана эмес, анын тилдик жана түзүмдүк формасын да туура уюштурууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан илимий макала жазууда теманы так аныктоо, илимий терминологияны туура колдонуу, маалыматтарды логикалык ырааттуулукта берүү, ишенимдүү булактарга шилтеме жасоо жана өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу негизги талаптар катары каралат.

Илимий макаланын түзүлүшүнө шарттуу мисал: Илимий макаланын түзүлүшүн, анын негизги бөлүктөрүнүн өз ара логикалык байланышын жана изилдөө методдорун тандоо жолдорун көрсөтүү максатында «Жасалма интеллекттин билим берүүдөгү орду» деген теманы шарттуу үлгү катары кароого болот. Төмөндө берилген материал толук илимий изилдөөнүн жыйынтыгы эмес, илимий макала даярдоонун негизги этаптарын түшүндүрүүгө багытталган мисал болуп саналат.

Киришүү. Акыркы жылдары технологиялык өнүгүүнүн маанилүү багыттарынын бири – жасалма интеллекттин (ЖИ) коомдук турмуштун ар кандай тармактарына кеңири кириши. Анын билим берүү тармагындагы мүмкүнчүлүктөрү да өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. ЖИ технологиялары окутуу процессин санариптештирүүгө, маалыматты иштеп чыгууга, окуу материалдарын даярдоого жана билим алуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууну уюштурууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Ошол эле учурда ЖИни колдонууда академиялык чынчылдык, маалымат коопсуздугу жана этикалык талаптарды сактоо сыяктуу маселелер да келип чыгат. Ушуга байланыштуу жасалма интеллекттин билим берүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн жана аны колдонууда кездешүүчү көйгөйлөрдү изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Негизги бөлүк. Жасалма интеллект – компьютердик системалардын маалыматты талдоо, үйрөнүү, чечим кабыл алуу жана тилдик маалыматты иштеп чыгуу сыяктуу интеллектуалдык иш-аракеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө байланышкан технологиялардын жыйындысы. Билим берүүдө ЖИ технологиялары окуу материалдарын даярдоодо, тапшырмаларды түзүүдө, билим алуучулардын жетишкендиктерин талдоодо жана окутуу процессин жекелештирүүдө пайдаланылышы мүмкүн.

ЖИнин билим берүүдө колдонулушу бир катар мүмкүнчүлүктөр менен катар айрым көйгөйлөрдү да жаратат. Аны пайдалануда даяр маалыматка ашыкча таянуу, студенттин өз алдынча ой жүгүртүүсүнүн төмөндөшү, академиялык чынчылдыкты сактоо, алынган маалыматтын ишенимдүүлүгүн текшерүү жана жеке маалыматтарды коргоо маселелерине көңүл буруу зарыл. Ошондуктан ЖИни билим берүүдө колдонуу анын мүмкүнчүлүктөрү менен чектөөлөрүн бирдей эске алган жоопкерчиликтүү мамилени талап кылат.

Мындай темадагы илимий макаланы даярдоодо изилдөөнүн максатына жараша бир нече методду колдонууга болот. **Илимий адабияттарды талдоо методу** теманын теориялык негиздерин аныктоого жана буга чейин жүргүзүлгөн изилдөөлөр менен таанышууга мүмкүндүк берет. **Салыштыруу методу** ЖИ колдонулган жана колдонулбаган окутуу процесстеринин же ар кандай технологиялык каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүн салыштырууга пайдаланылышы мүмкүн. **Анализ жана синтез методдору** ЖИнин билим берүүгө тийгизген оң жана терс таасирлерин өз-өзүнчө талдап, алардын өз ара байланышын жалпылоого жардам берет.

Эгер изилдөөнүн максаты билим алуучулардын же окутуучулардын ЖИни колдонуу тажрыйбасын аныктоону көздөсө, **сурамжылоо жана маектешүү методдорун** колдонууга болот. Сурамжылоодон алынган маалыматтар сандык жана пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу талданып, салыштырылышы мүмкүн. Ал эми **жалпылоо методу** алынган фактылардын жана көрсөткүчтөрдүн негизинде ЖИнин билим берүүдөгү орду, мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү боюнча жалпы тыянак чыгарууга шарт түзөт.

Бул методдордун бардыгын бир изилдөөдө сөзсүз колдонуу талап кылынбайт. Изилдөөчү теманын максатына, милдеттерине жана изилдөө материалына ылайык келген методдорду тандап, аларды макалада так көрсөтүүгө тийиш.

Жыйынтык. Жасалма интеллект билим берүү процессин уюштурууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн технологиялык каражаттардын бири болуп саналат. Аны натыйжалуу пайдалануу менен катар академиялык чынчылдыкты, маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана этикалык талаптарды сактоо маанилүү. Ошондуктан ЖИнин билим берүүдөгү ордун изилдөөдө анын мүмкүнчүлүктөрү менен көйгөйлөрүн илимий маалыматтардын жана конкреттүү изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде талдоо зарыл.

Бул шарттуу мисал илимий макаланын темасын жана актуалдуулугун аныктоо, изилдөөнүн негизги маселесин ачуу, тиешелүү методдорду тандоо, алынган маалыматтарды талдоо жана жыйынтык чыгаруу этаптарынын өз ара логикалык байланышын көрсөтөт. Толук илимий макалада айтылган пикирлер ишенимдүү илимий булактар, конкреттүү маалыматтар жана изилдөөнүн натыйжалары менен негизделип, пайдаланылган булактарга тиешелүү шилтемелер берилүүгө тийиш.

Жыйынтык жана сунуштар. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы студенттердин илимий макала жазуу процессинде бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктарга туш болорун көрсөттү. 16 студенттин илимий иштерин талдоонун жана жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасында илимий макаланын түзүлүшүн сактоо, изилдөө темасын жана көйгөйүн так аныктоо, илимий адабияттар менен иштөө, изилдөө методдорун тандоо, академиялык стилде жазуу, цитаталоо жана шилтеме берүү, өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу боюнча көндүмдөрдү мындан ары өнүктүрүү зарылдыгы аныкталды.

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча эң төмөн көрсөткүч цитаталоо, шилтеме берүү жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин түзүү критерийинде байкалды: студенттердин 56,25%ы бул багыт боюнча төмөн деңгээлди көрсөттү. Ошондой эле илимий адабияттарды издөө, тандоо жана сынчыл талдоо, изилдөө методдорун туура тандоо жана практикада колдонуу, өз алдынча илимий жыйынтык чыгаруу боюнча студенттердин 50%ы төмөн деңгээлде экени аныкталды. Бул көрсөткүчтөр студенттерди илимий макала жазууга үйрөтүүдө теориялык маалымат берүү менен гана чектелбестен, практикалык көндүмдөрдү системалуу түрдө калыптандыруу зарылдыгын көрсөтөт.

Алынган натыйжалардын негизинде студенттерге илимий макаланын түзүлүшүн этап-этабы менен өздөштүрүү, изилдөөнүн темасын, максатын жана милдеттерин так аныктоого көнүктүрүү, илимий адабияттарды издөө жана сынчыл талдоо боюнча практикалык тапшырмаларды көбөйтүү максатка ылайыктуу. Ошондой эле изилдөө методдорун туура тандоо жана колдонуу, академиялык стилде жазуу, цитаталоо жана шилтеме берүү эрежелерин практикалык мисалдардын негизинде үйрөтүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Илимий макала даярдоо студенттен маалыматты топтоо менен гана чектелбестен, аны талдоону, системалаштырууну, өз алдынча илимий ой жүгүртүүнү жана алынган натыйжалардын негизинде жыйынтык чыгарууну талап кылат. Ошондуктан студенттердин илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө илимий стилдин талаптарын, академиялык жазуунун принциптерин жана академиялык этиканын нормаларын өз ара байланышта үйрөтүү маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, студенттерди илимий макала жазууга системалуу жана практикалык багытта үйрөтүү алардын изилдөөчүлүк жөндөмдөрүн, академиялык жазуу маданиятын жана өз алдынча илимий ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Айбашова Т. М. Обучение применению категории наклонения, лица и времени глагола в официально-деловом стиле // Эпоха науки. – 2022. – № 29. – С. 176–182.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. – Бишкек: Педагогика, 2001.
3. Аширбаев Т. Тилдик каражаттардын стилистикалык табияты. – Бишкек: Педагогика, 2000. – 126 б.
4. Дженни С., Керт М., Чарльз Т. Сынчыл ойлоону өстүрүү үчүн окуу жана жазуу: колдонмолор. – Бишкек, 1998. – № 1–8.
5. Инсанга багыттап окутууда окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу / түзүүчүлөр А. М. Аликова, Ж. Д. Асекова. – Бишкек, 2012. – 200 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Тахирова Н.И.

УДК: 37: 372. 881.1: 373.1: 811.512.514
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-61-66

Айбашова Т.М.
Ош мамлекеттик университети
Айбашова Т.М.
Ошский государственный университет
Aibashova T.M.
Osh State University

ЖАҢЫЧЫЛ ПЕДАГОГДУН БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ САЛЫМЫ
ВКЛАД ПЕДАГОГА-НОВАТОРА В РАЗВИТИЕ ОБРАЗОВАНИЯ
THE CONTRIBUTION OF AN INNOVATIVE TEACHER TO EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Макала илимпоз, профессор Ж. А. Чымановдун 70 жылдык юбилейине арналган. Анда окумуштуунун инсандык бейнесине кайрылуу менен анын кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуунун технологияларын өркүндөтүүгө кошкон салымы, улуттук программа, предметтик стандарт, окуу программалары жана окутууга байланыштуу нормативдик документтерди иштеп чыгуудагы илимий ишмердүүлүгү, ошондой эле мамлекеттик тилдин келечегине кошкон салымы тууралуу сөз болот. Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнүн улуттук программасын, кыргыз тилин окутуунун концепцияларын жана окуу программаларын түзүүдөгү эмгеги, «Кыргыз тили» энциклопедиялык окуу куралынын авторлор курамындагы орду, «Кыргыз тилин билүү деңгээлине коюлган талаптардын» эксперт-рецензенти катары ишмердүүлүгү, мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүүдөгү жаңычылдыгы, тапкычтыгы жана талыкпаган эмгеги заманбап усулдарды өнүктүрүүнүн өзөгү катары көрсөтүлөт. Ошондой эле окумуштуунун тилди окутуунун методикасына жана окутуунун этнопедагогикалык негиздерине арналган эмгектерине талдоо жүргүзүлөт.

Аннотация: Статья посвящена 70-летнему юбилею ученого, профессора Ж. А. Чыманова. В ней через обращение к личностному облику ученого рассматривается его вклад в совершенствование технологий преподавания кыргызского языка как родного и второго языка, научная деятельность по разработке национальной программы, предметного стандарта, учебных программ и нормативных документов в сфере обучения, а также его вклад в будущее государственного языка. Показано значение его трудов в разработке Национальной программы развития кыргызского языка как государственного языка, концепций преподавания кыргызского языка и учебных программ, его участие в авторском коллективе энциклопедического учебного пособия «Кыргызский язык», деятельность в качестве эксперта-рецензента «Требований к уровню владения кыргызским языком». Особое внимание